**“Күкүк”**

**Сөзү:** Асанбек Жантемир

**Обону:** Асанбек Жантемир

Мүнүшкөр куш көрсөң күкүк,

Мен элем келгин куш күкүк.

Мезгилдүү учурум жетип,

Илиндим торуңа түшүп.

Кайр:

Күкүк, күкүк,

Илиндим торуңа түшүп.

Жибектен торуңду түйүп,

Жел кезип келбесин күйүт.

Жүрүпсүң ачыгын айтпай,

Ийменип жашыруун сүйүп.

Кайр:

Күкүк, күкүк,

Ийменип жашыруун сүйүп.

Күткөнүң колуңа тийип,

Турганда кучакта сүйүп.

Кокустан жазгырып кетем,

Калбасын ичиңде күйүт.

Кайр:

Күкүк, күкүк,

Калбасын ичиңде күйүт.